*Жолдошов М.А.*

# ДИНИЙ ЭКСТРЕМИЗМДИ ТЕРИШТИРҮҮДӨ КЭЭ БИР СОТТУК ЭКСПЕРТИЗАЛАРДЫ ЖАНА АТАЙЫН БИЛИМДИ ПАЙДАЛАНУУНУН МЕТОДИКАСЫ

*Жолдошов М.А.*

# МЕТОДИКА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ НЕКОТОРЫХ СУДЕБНЫХ ЭКСПЕРТИЗ И СПЕЦИАЛЬНЫХ ЗНАНИЙ ПРИ РАССЛЕДОВАНИИ РЕЛИГИОЗНОГО ЭКСТРЕМИЗМА

*M.A. Zholdoshov*

# METHODOLOGY FOR USING CERTAIN FORENSIC EXAMINATIONS AND SPECIAL KNOWLEDGE IN INVESTIGATING RELIGIOUS EXTREMISM

*УДК: 343.148.1:343.982/21*

*Илимий макалада, диний экстремисттик багыттагы кылмыштарды териштирүүдө соттук экспертизанын, атайын билимдин кээ бир түрлөрүн пайдалануунун теоретикалык жана практикалык маселелери анализденмекчи. Теманын актуалдуулугу диний экстремизм менен байланышкан кылмыштар боюнча тергөө өндүрүшү өзүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрүнө ээ болгондугу менен түшүндүрүлөт. Тергөөнүн түпкү максатына жетүүсү, тергөөчүнүн криминалистика сунуштаган илимий жоболордун комплексин пайдалана алуу жөндөмдүүлүгү менен аныкталат. Экстремисттик багыттагы кылмыштарды териштирүүдө мааниге ээ болгон фактыларды процессуалдык жактан аныктоо үчүн кошумча экспетизалардын маанилүүлүгү баяндалат. "Атайын билим" аныктамасынын мазмундук маанисине тиешелүү криминалист теоретиктердин арасында түрдүү түшүнүүлөр, талаштар бар. Бул түшүнүккө экспертиза жүргүзүүнүн адистешүүсүнө, багытына карай ар кандай аныктаа берилет. Ыкчам ишмердик субъектилери атайын билимди пайдалануу технологияларына ээ эмес, алар болгону, корутунду түрүндөгү акыркы жыйынтыкты гана пайдаланышат.*

***Негизги сөздөр:*** *диний экстремизм, адис, кылмыш, териштирүү, соттук экспертиза, атайын билим, теология, субъектилер.*

*В научной статье анализируются теоретические и практические вопросы использования некоторых видов судебных экспертиз и специальных знаний при расследовании преступлений экстремисткого направления. Актуальность темы в том что, производство следствия по преступлениям, связанные с религиозным экстремизмом имеет свою характерную особенность. Достижение конечной цели расследования во многом зависит от способности следователя использовать комплекс научных положений предложенные криминалистикой. Описывается важность дополнительных судебных экспертиз для процессуального установления фактов имеющих значение при расследовании преступлений экстремисткой направленности. Множество разночтений и споров среди теоретиков криминалистов происходит из-за сущностного содержания определения "специальные знания". Разные определения приводятся этому понятию в зависимости от специализации направленности производства экспертиз. Субъекты оперативной деятельности технологией использования специальных знаний не владеют, а используют только конечный результат в ввиде заключения.*

***Ключевые слова:*** *религиозный экстремизм, специалист, преступление, расследование, судебная экспертиза, специальное знание, теология, субъекты.*

*The scientific article analyzes the theoretical and practical issues of the use of certain types of forensic examinations and special knowledge in the investigation of crimes of an extremist direction. The relevance of the topic is that the production of an investigation into crimes related to religious extremism has its own characteristic feature. Achieving the ultimate goal of the investigation largely depends on the ability of the investigator to use the complex of scientific provisions proposed by forensic science. The article describes the importance of additional forensic examinations for the procedural establishment of facts that are important in the investigation of extremist crimes. A lot of discrepancy and controversy among forensic theorists arise from the essential content of the definition of "special knowledge". Different definitions are given to this concept, depending on the specialization of the direction of the production of examinations. The subjects of operational activities do not possess the technology of using special knowledge, but use only the result in the form of a conclusion.*

***Key words:*** *religious extremism, specialist, crime, investigation, forensic examination, special knowledge, theology, subjects.*

Диний экстремизм менен байланышкан кылмыштарды териштирүү өндүрүшү өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Анткени, териштирүүнүн түпкү максатына жетүүсү, тергөөчүнүн криминалистикалык методикада камтылган сунуштамалардын негизинде калыптанган илимий жоболордун комплексин колдоно билүү жөндөмдүүлүгүнөн көз каранды. Ошол

криминалистикалык методиканын мазмундук курамына кирген маанилүү багыт болуп соттук экспертиза эсептелинет. Экстремизмге учурда, башка пикирлерди эсепке албастан, өздөрүнүн догмаларын мамлекетке, коомго күч колдонуу ыкмасы менен байлоо аркылуу чагылдырылган идеологиялык көз караштардын жана практикалык аракеттердин топтомун камтыган коомго коркунучтуу кубулуш катары аныктама берилет.

Диний экстремисттик багыттагы укук бузулар оор кылмыштардын катарын толуктап, ошол эле учурда, далилдөө татаал болуп эсептелет. Ошондуктан, териштирүү жүргүзүүгө ыйгарым-укуктуу жактар экспертизаларга, адистердин кеңештерине муктаж.

Соттук экспертиза – бул, техника, илим, искусство же кол өнөрчүлүк чөйрөсүндө атайын таанымдарга ээ болгон жак тарабынан, мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте далилдөөнү талап кылган жагдайды аныктоо максатында, сот, тергөө, алгач тергөө органдары тарабынан коюлган суроолорго объектилерди изилдөө менен корутунду берүүнү камтыган процессуалдык аракет деп Ш. Хакимов адилеттүү түрдө белгилеген [1].

Кыргыз Республикасынын «Соттук-эксперттик иш» жөнүндөгү мыйзамына ылайык, соттук-экспертиза өзүнүн маңызы боюнча мындай аныкталат. Жазык, жарандык жана административдик иштер боюнча далилдөөгө жаткан жагдайларды белгилөө максатында эксперттин алдына коюлган илим, техника, искусство же өнөрчүлүк жаатында атайын билимдерди талап кылган маселелер боюнча эксперт тарабынан изилдөөлөрдү жүргүзүүнү жана корутунду берүүнү камтыган процесстик аракет [2].

Кыргыз Республикасынын жазык процессуалдык кодекси медициналык соттук экспертиза ден-соолукка келтирилген зыяндын деңгээлин жана мүнөзүн, ошондой эле, өлүмдүн себебин аныктоо үчүн милдеттүү деген чечмелөөнү келтирет [3]. Тергөөчү соттук медициналык экспертиза жүргүзүү алдында, экспертке берилүүчү суроолорду аныктоосу зарыл. Анткени, так коюлган суроолорго алынган жооптор, ден-соолукка келтирилген зыяндын деңгээлин, чектерин, убакытын аныктоого шарт түзөт. Тажрыйбалуу эксперт денеге келтирилген зыяндын өлчөмүн, соккунун багытын, өлүм себебин жеңил эле аныктайт. Соттук экспертизанын заманбап мүмкүнчүлүктөрү алкоголдук жана наркотикалык мас абалды контактсыз жол менен дагы аныктай алат.

2015-жылы болгон адам өлтүрүү фактысына анализ жүргүзүлгөндө, 1989-жылы туулган Д.П. аттуу жаран 1987-жылы туулган А.О. аттуу жаран тарабынан балта менен сокку коюп өлтүрүлгөн. Бул иш алкагында тергөөчү, экспертиза дайындоодо төмөнкү суроолорду койгон:

1. Денедеги зыяндын бар экендигин аныктоо;

2. Зыяндын пайда болуу себептерин жана ордун аныктоо;

3. Денедеги зыяндын оордук деңгээлин тактоо;

4. Өлүмдүн себебин аныктоо [4].

Мындай жалпы мазмундагы суроолорду эксперттин кесиптик компетенциясына ылайык коюп, мындан сырткары тергөөчү конкреттүү бир жагдай боюнча дагы суроолорду бере алат. Мисалы: кылмыштын куралы жөнүндө, куралдын өзгөчөлүгүн, колдонуу ыкмасын аныктоо менен кылмышты териштирүүдө конкреттүү жагдайларды тактоого болот. Ошондой эле, соттук медициналык экспертизадан сырткары, химико-биологиялык же ДНК экспертизасын пайдалануу зарыл. Эгерде, адамдын канынын, шилекейдин, тердин биологиялык издерин изилдөө муктаждыгы келип чыккан болсо.

Табылган микробөлүкчөлөрдүн бардыгын криминалистикалык экспертизадан өткөрүү аркылуу баалоо, кылмышты териштирүү процессин жеңилдитет. Тийиштүү экспертизалардын тизмеси окуя болгон жерден чогултулган буюм далилдеринен көз каранды. Белгилүү учурларда кошумча экспертизалар дайындалуусу мүмкүн.

Диний экстремизм менен байланышкан кылмыштарда болсо, атайын экспертиза катары теологиялык, филологиялык, диний экспертизалар дайындалат. Мында кылмышка тиешеси бар диний адабияттар, культ предметтери, тийиштүү аудио же видео жазып алуулар изилденүүсү мүмкүн. Бул изилдөөлөрдө, алынган адабияттын редакциялык, техникалык мүнөздөмөсүн жана мазмунунда диний чыдамсыздык, душмандыктын бардыгы менен тыюу салынган агымга тиешелүүлүгү сыяктуу белгилер аныкталат. Шек жараткан кол жазма табыла турган болсо, кол жазмалар экспертизасын дайындоого туура келет. Анын натыйжасы башка кол тамгаларды, жазууларды изилдөөдө багыттоочу мааниге ээ болуп калат.

Диний экспертиза материалдардын экстремизмге, терроризмге тиешеси бар же жок экендигин тактайт. Теологиялык экспертизадан өткөрүүдө төмөнкү суроолор коюлат:

- Эгерде уюм болсо, диний уюмбу;
- Кайсыл конфессияга тиешеси бар;
- Негизги баалулуктардын социалдык маанилүү эрежелерин аныктоо;

- Башка диний агымдарга кандай негативдүү мамиле жасоосун.

Негизги көйгөйлөрдүн бири Кыргыз Республикасында атайын диний эксперттерди даярдоочу мекемелердин жоктугу. Булар менен катар психологиялык, психиатриялык экспертизанын ордун төмөндөтпөө керек. Анткени, ушул экспертизалар диний экстремизм менен байланышкан кылмыштардын субъектилеринин чыныгы мотивин, максатын ачып көрсөтө алат. Атайын психологиялык билимдин негиздерин колдонуу, териштирүү процессинде келип чыкан кырдаалдычечүүгө багытталып, тергөөнүн жүрүшүн оптималдаштырат. Тергөө практикасы көрсөткөндөй, мындай экспертизалар шизофренея менен чектелген стадияда психикасы туруксуз болгон, баңгизатты колдонгон, психиатриялык каттоодо турган жактарга карата дайындалат. Экспертизанын бул түрүн жүргүзүү менен, субъектинин жеке психологиялык абалын, өзүнүн аракетинин натыйжасын аңдап-сезе алуусун тактоого болот. Белгилүү болгондой, кылмыш үчүн куугунтуктоонун негизги шарты болуп, субъектинин акыл эсинин соолугу эсептелет. Ал үчүн жогорку экспертиза пайдаланылат. Тергөөчү адистин алдына бир катар суроолорду коет. Психикасынын убактылуу же туруктуу бузулуусу барбы же жокпу, эгерде болсо, анын себебин аныктоону өзүнчө суроо кылат. Ошондой эле, сырттан психологиялык таасир этүүнүн деңгээлин аныктоо дагы өз алдынча такталат. Анткени кээ бир субъектилер алсыз мүнөзүнөн, сезимталдыгынан улам тез таасирленишет.

К.Н. Шакиров өзүнүн «Соттук экспертизанын теориясынын көйгөйлөрүнүн методологиялык аспектилери» темасындагы ишинде мындай корутунду кылат, «эксперттик изилдөөдө барынан мурун, көрө албастыкты, душмандыкты жагуу, кырып-жоюуну сунуштоо, улуттук намыс жана кадыр баркты тепселөө сыяктуу кубулуштардын мүнөздөмөсү чагылдырылышы керек. Кылмыштын инсанга жана топко тийгизген таасирин аныктоо зарыл. Анткени, мындай мүнөздөмөлөргө ээ болуу аркылуу экспертизага су-нушталган объектинин параметрлерин аныктоо мүмкүн болот».

К.С. Асанов өзүнүн илимий изилдөөлөрүндө диний же этникалык топтордун формалдуу эмес лидерлеринин өзүнүн социалдык абалын туруксуздугун өзгөчө кабыл алуусу «наполеон комплексин» жеңүүгө багытталган жүрүм-турумдун жеке формасын укуктук аныктоо зарыл. Анткени, бул учурда радикалдуу социалдык антогонизм өзүн-өзү бекемдөөнүн ыкмасы катары каралат деп жыйынтыкка келген.

Лингвистикалык соттук экспертиза эң эле татаал болгону менен аны дайындоо дагы өзүнүн актуалдуулугун жоготпойт. Мында, алынган тексттин жана оозэки сүйлөөнүн эмнеге катталгандыгынан көз карандысыз, деталдык изилдөөгө алынат. Аларды кылмыш ишинде далил катары тиркөө мүмкүн экендигин аныктоо оор иш. Ошондуктан кошумча фоноскопиялык, саясий ж.б. экспертизалар колдонулат. Булардын катарында, экстремисттик багыттагы кылмыштарды далилдөөдө, уюм колдонгон символдорду аныктоодо, ритуалдык материалдарды изилдөөдө тарых чөйрөсүндөгү билим талап кылынат.

Теоретик криминалисттердин арасында «атайын билим» аныктамасынын мазмуну түрдүү талаштарды жаратып келет. Криминалистиканын ар бир багытындагы экспертизанын түрүнө карай аныктама беришет. К.Н. Шакиров «атайын билим» деген түшүнүк алдында кийинки чечмелөөнү берет: «Белгилүү бир тармактагы конкреттүү адистердин, өзүнүн кесиптик ишмердигине тиешелүү багыттагы атайын кесиптик билимге ээ болуусу. Бирок, мындай билимдин сотко чейинки жана соттук териштирүүнү жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу болгон органдарда жок болуусу шарт» [5]. Мындан алып караганда, атайын таанымга ээ болгон бардык жактар адис катары чыгуусу мүмкүн. Бул анын билиминин чөйрөсүнөн көз каранды.

Диний экстремизм менен байланышкан кылмыштарды тергөө өзгөчөлүгүнө таянсак, «атайын билим» түшүнүгүн экиге бөлүп алууга болот. Биринчиси, «стандарттык» билим болуп, өзүнө доктиласкопиялык, фоноскопиялык, баллистикалык билимди камтыйт. Экинчиси, «атайын» билим болуп, өзүнө психологиялык, психиатриялык, теологиялык, тарыхый, саясий билимди камтыйт.

Атайын тааным түшүнүгүн аныктоо жалпыга жеткиликтүү же ар-дайым массалык колдонуучу болуп эсептелинбейт. Өзүнүн өзгөчөлүгү боюнча, колдонуунун локалдык формасына ээ. Атайын билим деп айтуу үчүн ар-бир кырдаал боюнча чечүү зарыл болгон мыйзам ченемдүүлүктүн изилденишинде колдонулган таанымдарды билүүгө болот.

Демек, атайын тааным бул адамдын ишмердүүлүгүнүн бир чөйрөсүндөгү кесиптик даярдоодон улам калыптанган кылмышты ачуу, териштирүү процессинде пайдаланылган билим жазык процесуалдык мыйзамдарда «атайын тааным» жана «атайын билим» терминдери колдонулат.

Атайын билимди колдонуу – адистин кеңеши, тергөө амалдарындагы адистин катышуусу жана экспертиза жүргүзүүдө адистин катышуусу учурларында

кездешет. Илимдин, техниканын кескин өнүгүүсү далилдөөнү жеңилдетүү менен, кылмыштарды териштирүүдөгү методикаларды татаалдаштырууда. Тергөөнүн көптөгөн маселелери жаңы техниканын, илимдин жетишкендиктерин пайдалануу аркылуу чечилүүдө.

Кээ бир учурларда айкын далил болсо дагы, адистин катышуусу шарт болот. Электрондук түрдөгү маалыматтарды алуу жазык-процессуалдык мыйзамдарга ылайык дагы, анын өзгөчөлүгүнө ылайык дагы адистин жардамысыз алуу мүмкүн эмес.

Жыйынтыгында белгилеп кетчү нерсе, диний экстремизм жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды териштирүүдө атайын билимди колодонуу менен байланышкан көйгөйлөрдүн көпчүлүгү кылмыштын өзгөчөлүгүнө жана көп кырдуулугу көп сандаган аспектилердин болуусу менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан бардыгын эске алуу зарыл.

**Адабияттар:**


1. Хакимов Ш. «Проблемные аспекты взаимодействия следователя и эксперта при организации расследования преступления» - Душанбе: Изд. ТРГУ, 2010. - 75-б.
2. Кыргызской Республикасынын «Соттук-эксперттик иш жөнүндө» мыйзамы. 2-бер. - Б., 24.06.2013. - №100.
3. Кыргызской Республикасынын жазык – процессуалдык кодекси 171-бер., 2-п. - Б., 02.02.2017 №20. 2019-жылдын 1-январынан күчүнө кирген. (КРдин 15.05 2019. №62 мыйзамынын редакциясына ылайык).
4. Баткен областынын Сүлүктү шаардык сотунун архиви, № 23-145/2015 кылмыш ишинин материалы, 2015-ж.
5. Шакиров К.Н. «Проблемы становления и развития науки судебной экспертологии, - Алма-Ата. КазНУ им. аль-Фараби. 2009. 45-б.